**Бишкек жана Ош шаардык кеңештердин депутаттыгына саясий партиялар тарабынан талапкерлердин тизмесин анализдөө**

**Жалпы маалымат**

Жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына саясий партиялар тарабынан талапкерлердин тизмесин каттоо 11-мартта аяктады.

Жалпысынан биздин өлкөнүн шайлоочулары 28 шаардык кеңешке 796, 420айылдык кеңештерге 7560 депутатты шайлашы керек.

Шайлоого алгач 59 саясий партия катышуу ниетин билдирген, бирок аймактык шайлоо комиссиялары 56 партиянын гана документтерин кабыл алып, каттаган.

Баардыгы 56 саясий партия шаардык кеңештердин шайлоосунда ат салышып жатышат, алардын арасынан:

- 28 шаардык кеңештин 21де жаңыдан түзүлгөн "Ата Журт Кыргызстан" партиясы катышып жатканы маалым.
- 20 партия бир гана шаардагы шайлоого катышууга арыз тапшырган.
- 10 партия 2 шаарга катышуу ниетин билдирген («Улутман», «Ак-Шумкар», «Калк ынтымагы», «Энергетиктер», «Адилет», «Адилеттуу Кыргызстан», «Ак-Бата», «Ала-Тоо-кыргыз жери», «Бүткүл Жаштар», «Калыс», «Биздин эл», «Кыргызстан демократиялык кыймылы», «Патриот ынтымагы», «Тандоо эркиндиги», «Эл биримдиги», «Элдик Народная», «Асыл Мурас-Жаштар», «Күчтүү Коом», «Ордо», «Тазалык»).
- 7 партия — 3 шаарга («Аманат», «Мекен Ынтымагы», «Нур», «Улуттар биримдиги», «Ордо», «Табылга», «Чон-Казат»).
- 5 партия — 4 шаарга («Бир-Бол», «Жаны-Доор», «Ата-Журт Кыргызстан», «Кыргызстан элдик демократиялык партиясы», «Патриот ынтымагы»).
- 3 партия — 5 шаарга («Ишеним», «Кыргызстан», «Тынчтык»).
- 11 партия 6 жана андан ашык шаардагы шайлоого катышууга арыз тапшырган («Бирге — Вместе» Мурас», «Айкөл-Кыргызстан», «Асман Ала-Тоо», «Ата-Мекен», «Бийлик Элге», «Партия Зеленых Кыргызстана», «Партия коммунистов Кыргызстана», «Реформа», «Кыргызстандын Социалисттик партиясы», «Улуу Кыргызстан»).

"Жалпы иш" коомдук фонду тарабынан жогорудагы талапкерлердин тизмелерин жынысы, жашы жана сапаттуу кадрдык курамы боюнча тизмектеп, бир катар макаларды басып чыгарууну пландаштырып жатат.

**Бишкек шаардык кеңеш**

Бишкек шаардык кеңешиндеги 45 мандатка 1820 киши талапкер. Алардын ичинен 1091 — эркек (57%), 729 — аял (43%).

Борбор калаа боюнча шайлоого 25 партия катышат. Жалпысынан 2 партия - "Элдик" жана "Кыргызстан прогрессивдүү жаштар партиясы" — шайлоого катышуудан баш тарткан.

"Ата-Журт Кыргызстан" партиясынан 98 талапкер катталган, "Ак-Бата" жана "Патриот" саясый кыймылынан 77 талапкер болгон, ал эми "Кыргызстандын социалисттик партиясынан" 63 талапкер көрсөтүлгөн. Башкаларынан азыраак болуп "Кыргызстан коммунисттер партиясынан" көрсөтүлгөн — 60 талапкер.


**Партиянын сапаттуу кадрдык курамы**

“Ата Журт Кыргызстан” партиясы эң көп талапкерлерди (98) көрсөткөн, ал эми 83 талапкердин жогорку билими бар, анын ичинен 2 талапкер магистр даражасына жана 3 талапкер бакалавр даражасына ээ. Үч талапкердин толук эмес, 12 талапкердин орто кесиптик билими бар.

«Ак Бата» партиясынын 77 талапкердин арасынан 74 талапкердин жогорку билими бар, анын ичинен 9 талапкер магистрдик даражага жана 4 бакалавр даражасына ээ. Ошондой эле, 3 талапкердин орто кесиптик билими бар. Ошол эле учурда, "Ак Бата" партиясында жогорку билимдүү талапкерлердин үлүшү көбүрөөк. Ошондой эле, КСДП партиясы жогорку билимдүү талапкерлер менен партиялардын


категориясына кирет - 77 талапкердин 73үнүн жогорку билими бар, бул 95% ды түзөт. Төмөндө бардык партиялар үчүн пайыздык катышындагы диаграмма келтирилген.

**Диаграмма 1. Партиялардын талапкерлеринин билим деңгээлдери, %**



Төмөнкү диаграммада талапкерлердин кайсы кесиптик тармакта эмгектенээри көрсөтүлгөн.

Диаграмма 2. Талапкерлердин кесиптик тармактары




Жалпысынан алганда, баардык партиялардагы жумушсуз талапкерлердин жалпы саны 49 пайыздан жогору, ал эми талапкерлердин 51% гана өз алдынча эмгектенгендер же иштегендер.


Мындан сырткары, партиялардын тизмесинде 10% ар кандай жогорку окуу жайлардын, колледждердин жана орто мектептердин мугалимдери катары көрсөтүлгөн.

**Партиялардагы этникалык өкүлчүлүгү**

Бишкек шаардык кеңешиндеги шайлоого 1820 киши талапкер. Алардын көпчүлүгү — кыргыздар — 1551 киши (63%).

Андан кийинки катарда орус улутундагылар турушат — 141 талапкер (8%). Үчүнчү орунда казактар (2%, же 39 адам).

Бул диаграммада бардык партиялардагы талапкерлердин этникалык өкүлчүлүгү боюнча анализ көрсөтүлгөн.




**Ош шаардык кеңеш**

Ош шаардык кеңешиндеги 45 мандатка тогуз партиядан 775 талапкер аттанган. Шайлоого «Ата-Журт Кыргызстан», «Улуттар биримдиги», «Бүтүн Кыргызстан», «Ишеним», «Бир Бол», «Ыйман нуру», «Ынтымак», «Улуу журт» жана «Республика» саясий партиялары ат салышууда.

Ош шаарында шайлоо өткөрүү үчүн 78 шайлоо участкасы ачылып, 151 миң шайлоочу катталды.

**Партиялардагы этникалык өкүлчүлүгү**

Талапкерлердин көпчүлүгү — кыргыздар — 656 талапкер (85%). Экинчи орунда өзбектер — 105 талапкер (14%), үчүнчү орунда тажиктер жана орустар (1%, же 4 талапкер). Андан кийин татарлар — 3 талапкер, казак, карачай жана уйгур улутундагылардан бирден талапкер катталган.


Бул диаграммада баардык партиялардагы талапкерлердин этникалык өкүлчүлүгү боюнча анализ көрсөтүлгөн.




**Партиялардагы гендердик тенчилик**


"Ынтымак" партиясында 39 аял катталган, эркектерге караганда 3 кишиге көп — 36 адам.

Аялдардан эң эле аз "Ишеним" партиясында көрсөтүлгөн — 24 аял. Бул арада талапкер болуп 50 эркек катталган.




Жаш курагы боюнча талапкерлер көбүнчө 26–30 жашта (19%) жана 31-35 жашта (19%). Эң аз 66 жаштан 69 жашка чейинкилер көрсөтүлгөн — 1%. Талапкерлердин эң жашы 21 жашта, ал эми эң улуусу 69 жашта.

*Диаграмма 6. Талапкерлердин жаш курагы боюнча маалымат*




Жалпысынан алганда, 9 партияда жумушсуз талапкерлердин жалпы саны 49% дан жогору, ал эми талапкерлердин 51% гана өз алдынча эмгектенгендер.